# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2021-жылдын 16-сентябры № 142*

## Бишкек шаарынын мэринин, Бишкек шаарынын биринчи вице-мэринин, Бишкек шаарынын вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", "Борбордун статусу жөнүндө" мыйзамдарына ылайык, шаардык саясаттын багыттарын ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.М.Исаковдун "Бишкек шаарынын мэринин, Бишкек шаарынын биринчи вице-мэринин, Бишкек шаарынын вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө" Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбооруна карата 2021-жылдын 10-сентябрындагы № МИ07-10/1096 маалым катын эске алып,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Төмөндөгүлөр бекитилсин:

- Бишкек шаарынын мэринин (мындан ары - мэр), Бишкек шаарынын биринчи вице-мэринин (мындан ары - биринчи вице-мэр), Бишкек шаарынын вице-мэрлеринин (мындан ары - вице-мэрлер) жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин (мындан ары - аппарат жетекчиси) ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү 1-тиркемеге ылайык;

- мэр, биринчи вице-мэр, вице-мэрлер жана аппарат жетекчиси жетектеген жана координациялаган Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин, мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн тизмеги 2-тиркемеге ылайык.

2. Биринчи вице-мэрге, вице-мэрлерге жана аппарат жетекчисине өздөрүнө жүктөлгөн милдеттердин жана иш-милдеттердин аткарылышы, жетектеген багыттары боюнча бөлүштүрүлгөн милдеттердин алкагында Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин иш-аракеттери үчүн жеке жоопкерчилик жүктөлсүн.

3. Биринчи вице-мэр, вице-мэрлер жана аппарат жетекчиси алар тарабынан киргизилген, макулдашылган жана кол тамга коюлган Бишкек шаарынын мэриясынын уюштуруучулук-тескөө актылары жана расмий документтери үчүн жеке жоопкерчилик тартыла тургандыгы белгиленсин.

4. Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси Бишкек шаарынын административдик районторунун башчыларын, Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин, мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерин ушул токтом жөнүндө маалымдасын.

5. Бишкек шаарынын административдик райондорунун башчылары, Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин, мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери өз иш-аракеттеринде ушул токтомду жетекчиликке алышсын.

6. Төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 15-июнундагы № 108 "Бишкек шаарынын мэринин, биринчи вице-мэринин, вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө" токтому;

- Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 17-июнундагы № 111 "Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 15-июнундагы № 108 "Бишкек шаарынын мэринин, биринчи вице-мэринин, вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

- Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 16-июлундагы № 129 "Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 15-июнундагы № 108 "Бишкек шаарынын мэринин, биринчи вице-мэринин, вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

- Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 30-июлундагы № 133 "Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 15-июнундагы № 108 "Бишкек шаарынын мэринин, биринчи вице-мэринин, вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

- Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 4-августундагы № 134 "Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 15-июнундагы № 108 "Бишкек шаарынын мэринин, биринчи вице-мэринин, вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

- Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 2-сентябрындагы № 137 "Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 15-июнундагы № 108 "Бишкек шаарынын мэринин, биринчи вице-мэринин, вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

7. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2021-жылдын 16-сентябрындагы
№ 142 токтомуна
1-тиркеме

# Бишкек шаарынын мэринин, Бишкек шаарынын биринчи вице-мэринин, Бишкек шаарынын вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин ортосундагы милдеттерди БӨЛҮШТҮРҮҮ

## I. Бишкек шаарынын мэри

Бишкек шаарынын мэриясынын, аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин иш-аракеттерин жалпы жетекчиликке алууну жана контролдоону жүзөгө ашырат; мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн иш-аракеттерин координациялайт; Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген тартипте өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын чегинде шаарда мамлекеттик саясатты жүргүзүүнү жана аткаруу бийлик органдарынын иш-милдеттерин жүзөгө ашырууну камсыздайт.

Бишкек шаарын өнүктүрүү саясатын түзөт.

Бишкек шаарын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн, финансы-экономикалык жана өнөр жай саясатынын негизги багыттарын, ички аудитти, Бишкек шаарынын жашоо-тиричилигин жакшыртууга багытталган жалпы шаардык жана максаттуу программаларды иштеп чыгууну жана ишке ашырууну аныктайт.

Администрациялык реформаларды, жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутумун өнүктүрүү, шаардык башкаруу органдарынын түзүмүн жана иш-милдеттерин өркүндөтүү жана

оптималдаштыруу жолу аркылуу алардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чараларды жүргүзүүнү камсыздайт.

Жумушчу кеңешмелерди өткөрөт, Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрү жана чарба жүргүзүүчү субъекттери тарабынан аткарууга милдеттүү болгон токтомдорду жана буйруктарды чыгарат.

Бишкек шаарынын мэриясынын жетекчилигинин ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүүнү бекитет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## II. Бишкек шаарынын турак жай-коммуналдык чарба маселелери боюнча биринчи вице-мэри

Бишкек шаарынын турак жай-коммуналдык чарба комплексин жана жашоо-тиричиликти камсыздоо тутумун жетекчиликке алууну жүзөгө ашырат.

Маалыматтык технологияларды өнүктүрүү жана санариптештирүү, шаардын аймагын көрктөндүрүү, автотоктотмо жана авто коюу жайларын. шаардык аймакты жашылдандыруу, санитардык тазалоо; жетектеген багыттары боюнча жалпы шаардык долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу; шаардык коммуналдык реформаларды жүзөгө ашыруу; отун-энергетикалык комплекс тутумун натыйжалуу иштетүү жана өнүктүрүү, көчө жарыктандыруусун, лифт чарбасын иштетүү, калкка аза кызматтарын көрсөтүү тармагында пландарды аткаруу; шаарды от жагуу мезгилине даярдоо; инвестициялык саясат жана шаардын жашоо тиричилигин камсыздоо тутумунун иш-аракеттерин шаардык булактардан каржылоо, коммуналдык чарба объекттеринин инженердик тармактарын, суу жабдууларын жана суу чыгаруу жабдууларын орнотуу; жашоо-тиричиликти камсыздоо тутумунун коммуникацияларын өнүктүрүү маселелерин координациялайт, контролдойт жана жүргүзөт.

Шаардык коммуналдык чарба чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдү жабдууга жана сатып алууга шаардык тапшырыктарды түзүү, жайгаштыруу жана каржылоо, инженердик инфраструктураны өнүктүрүү маселелерин контролдойт жана координациялайт.

Өз компетенциясына кирген маселелер боюнча тармактык комиссиялардын ишин жетектейт, жумушчу кеңешмелерди өткөрөт, белгиленген компетенциясынын алкагында токтомдорду жана буйруктарды чыгарат.

Өз иш-аракетинде Бишкек шаарынын мэрине отчёт берет.

Ленин административдик районун жетектейт.

Бишкек шаарынын мэри иште жок мезгилде анын милдеттерин аткарат.

Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилерин чакырууга жана аларга тапшырма берүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## III. Бишкек шаарынын экономика жана финансы маселелери боюнча вице-мэри

Бишкек шаарынын финансы-экономикалык чөйрө комплексин жетекчиликке алууну жүзөгө ашырат.

Жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышын контролдойт.

Шаарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын жана стратегияларын иштеп чыгууну уюштурат; алардын ишке ашырылышын контролдоону жүзөгө ашырат, Бишкек шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун компетенциясынын чегинде мамлекеттик программаларды ишке ашырууну камсыздайт.

Финансы, салыктар жана жыйымдар, статистика, өнөр жай, тышкы экономикалык байланыштар, ишкердиктин колдоо жана өнүктүрүү, инвестицияларды тартуу, муниципалдык баалуу кагаздарды чыгаруу жана жайгаштыруу, өнүктүрүү фондусу, камсыздандыруу төгүмдөрү, соода, кызмат көрсөтүүлөр жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, микрокредиттөө, ченемдик

укуктук актылардын жөнгө салуу таасирин талдоо маселелерин координациялайт жана жүргүзөт; шаардын бюджетинин долбоорун даярдоону камсыздайт.

Бишкек шаарынын мэри тарабынан аныкталуучу социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жалпы шаардык жана максаттуу программаларын, финансы-экономикалык саясатты ишке ашыруу боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын администрациялык райондорунун, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин иш-аракеттерин жетектеген багыттары боюнча контролдойт.

Бишкек шаарынын мэриясы менен фискалдык органдар менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат.

Өз компетенциясына кирген маселелер боюнча тармактык комиссиялардын ишин жетектейт, жумушчу кеңешмелерди өткөрөт, белгиленген компетенциясынын алкагында токтомдорду жана буйруктарды чыгарат.

Өз иш-аракетинде Бишкек шаарынын мэрине отчёт берет.

Октябрь администрациялык районун жетектейт.

Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилерин чакырууга жана аларга тапшырма берүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## IV. Бишкек шаарынын шаар куруу, архитектура жана жер маселелери боюнча вице-мэри

Бишкек шаарынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүн жалпы жетекчиликке алууну жүзөгө ашырат.

Шаардык курулуш программаларын түзүү, ишке ашыруу жана турак жана турак эмес объекттер, социалдык жана өндүрүштүк багыттагы объекттер менен шаарды комплекстүү куруу, автомобиль жолдорун куруу жана эксплуатациялоо, имараттарды жана курулмаларды реконструкциялоо, шаар куруу, муниципалдык жер ресурстарын жана жер пайдаланууну натыйжалуу башкаруу, мүлккө жана муниципалдык рынокторго муниципалдык менчикти натыйжалуу пайдалануу, шаар куруунун жана реконструкциялоонун техникалык-экономикалык негиздемелерин жана концепциясын даярдоо, шаардын муктаждыктары үчүн капиталдык курулуш чөйрөсүндө шаардык инвестициялык тапшырыкты жана курулуш комплексинин иштешин камсыздоо үчүн товарлар менен жабдууга жана жумуштарды (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткарууга карата шаардык тапшырыкты түзүү, Бишкек шаарын өнүктүрүүнүн Башкы планын, шаар курууну пландоо жана шаарды өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, шаардын архитектуралык жана эстетикалык көрүнүшүн өркүндөтүү маселелерин координациялайт, контролдойт жана жүргүзөт, топонимика, шаар куруу долбоорлорун ишке ашырууда инвестицияларды тартуу боюнча иштерди уюштуруу, борбор шаардын иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн оптималдуу шарттарды камсыздоо маселелерин карайт.

Өз компетенциясына кирген маселелер боюнча тармактык комиссиялардын ишин жетектейт, жумушчу кеңешмелерди өткөрөт, белгиленген компетенциясынын алкагында токтомдорду жана буйруктарды чыгарат.

Өз иш-аракетинде Бишкек шаарынын мэрине отчёт берет.

Биринчи май администрациялык районун жетектейт.

Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилерин чакырууга жана аларга тапшырма берүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## V. Бишкек шаарынын социалдык маселелер боюнча вице-мэри

Бишкек шаарынын социалдык чөйрө комплексин жетекчиликке алууну жүзөгө ашырат.

Социалдык чөйрөдө саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, медициналык жардам көрсөтүү жана акысыз медициналык жардамдын кепилдик берилген деңгээлин сактоо шаардык программаларын ишке ашыруу; шаардын калкынын санитардык-эпидемиологиялык саламаттыгын камсыздоо; ветеринария; жалпы орто жана мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө иш-аракеттерди уюштуруу; маданият, искусство жана туризм тармагында шаардын саясатын жүзөгө ашыруу; миграция жана калкты иш менен камсыздоо, калктын жеңилдик берилген жана аз камсыз болгон категорияларын даректүү социалдык коргоо тутумун түзүү, социалдык жардам көрсөтүү программаларын ишке ашыруу, социалдык камсыздоону жана кайрымдуулукту өнүктүрүү, социалдык чөйрөнү башкаруу тутумун өркүндөтүү маселелерин координациялайт, контролдойт жана жүргүзөт; гендердик саясат, эне, бала, жаштар жана спорт, мамлекеттик тил маселелерин, диний чөйрөдө иш-аракеттерди жүзөгө ашыруучу уюмдар, мекемелер жана жактар менен өз ара бирге аракеттенүү маселелерин жетектейт.

Социалдык чөйрө ишканаларын жана мекемелерин финансылык камсыздоону контролдоону жүзөгө ашырат; социалдык чөйрөдөгү жалпы шаардык мааанидеги долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу үчүн инвестицияларды, анын ичинде чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу маселесин чечет.

Бишкек шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлгөн мамлекеттик иш-чараларды жана шаардык иш-чараларды өткөрүүдө кызматтардын ишин координациялайт жана сценарийлерди иштеп чыгууну уюштурат.

Өкмөттүк эмес уюмдар, коомдук бирикмелер, балдар үйлөрү, карылар үйлөрү, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн борборлор ж.б., чыгармачыл биримдиктер менен өз ара аракеттенүүнү уюштурат; Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн, укук коргоо органдарынын ардагерлеринин жана Бишкек шаарынын ооруктагы эмгекчилеринин шаардык кеңешинин иш-аракеттерин жетектейт.

Өз компетенциясына кирген маселелер боюнча тармактык комиссиялардын ишин жетектейт; жумушчу кеңешмелерди өткөрөт; белгиленген компетенциясынын алкагында токтомдорду жана буйруктарды чыгарат.

Өз иш-аракетинде Бишкек шаарынын мэрине отчёт берет.

Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилерин чакырууга жана аларга тапшырма берүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## VI. Бишкек шаарынын транспорт маселелери боюнча вице-мэри

Шаардык транспорт, жол кыймылын жөнгө салуу каражаттарын (жол белгилери, светофордук объекттер, жол сызык белгилери) орнотуу жана алардын иштешин камсыздоо; мобилизациялык резервди, тышкы жарнаманы укуктук жөнгө салуу, ошондой эле жетектеген багыттары боюнча жалпы шаардык долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу маселелерин координациялайт, контролдойт жана жүргүзөт.

Бишкек шаарынын мэриясынын Бишкек шаардык кеңеши жана мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын тийиштүү аймактык бөлүмдөрү менен өз ара байланышты уюштурат жана жүзөгө ашырат.

Өз компетенциясына кирген маселелер боюнча тармактык комиссиялардын ишин жетектейт, анын ичинде эвакуация боюнча комиссияны башкарат; жумушчу кеңешмелерди өткөрөт; белгиленген компетенциясынын алкагында токтомдорду жана буйруктарды чыгарат.

Өз иш-аракетинде Бишкек шаарынын мэрине отчёт берет.

Свердлов административдик районун жетектейт.

Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилерин чакырууга жана аларга тапшырма берүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## VII. Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси

Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын. Бишкек шаарынын мэриясынын коллегиясынын иш-аракеттерин пландаштырат; Бишкек шаарынын мэриясынын иш пландарынын аткарылышын уюштурат жана контролдойт.

Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын иш-аракеттерин координациялайт жана контролдойт; Бишкек шаарынын мэринин ыйгарым укуктарын ишке ашырууну, Бишкек шаардык кеңешинин аппараты, администрациялык райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары, муниципалдык аймактык башкармалыктар, укук коргоо жана сот органдары, аскер комиссариаттары менен өз ара аракеттенүүнү камсыздайт.

Уюштуруу, кадрдык, юридикалык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, мамлекеттик сатып алуулар, коомчулук менен өз ара аракеттенүү, эл аралык байланыштар, Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын, ошондой эле түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн муниципалдык кызматчыларынын этикасы, архивдик кызмат; кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, кадрлар резервин түзүү маселелерин координациялайт, контролдойт жана жүргүзөт; муниципалдык кызматты уюштуруу, Бишкек шаарынын мэриясынын чарбалык камсыздоо даярдоону жана ишке ашырууну камсыздайт.

Бишкек шаарынын мэриясында иш кагаздарын жүргүзүүнүн бирдиктүү тутумун уюштурат, жогору турган уюмдардын документтеринин, жарандардын кайрылууларынын жана даттанууларынын аткарылышын, ошондой эле Бишкек шаарынын мэриясынын токтомдорунун жана буйруктарынын аткарылышын контролдойт; Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын, аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин кызматкерлеринин эмгек жана аткаруу тартибин контролдойт.

Өз иш-аракетинде Бишкек шаарынын мэрине отчет берет.

Өз компетенциясына тийиштүү маселелер боюнча комиссиялардын ишин жетектейт, жумушчу кеңешмелерди өткөрөт: белгиленген компетенциясынын алкагында токтомдорду жана буйруктарды чыгарат.

Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилерин чакырууга жана аларга тапшырма берүүгө укуктуу.

**Аппарат жетекчиси** **М.Исаков**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2021-жылдын 16-сентябрындагы
№ 142 токтомуна
2-тиркеме

## Бишкек шаарынын мэри, Бишкек шаарынын биринчи вице-мэри, Бишкек шаарынын вице-мэрлери жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси жетектеген жана координациялаган Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин, мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн ТИЗМЕГИ

## I. Бишкек шаарынын мэри

*Бишкек шаардык соту.

*Бишкек шаарынын прокуратурасы.

*Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин Бишкек шаары боюнча башкы башкармалыгы.

*Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгы.

*Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгы.

*Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Бишкек шаары боюнча башкармалыгы.

*Административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары.

Бишкек шаарынын мэриясынын Ички аудит башкармалыгы.

*Райондук аскер комиссариаттары.

*Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын коррупцияга каршы аракеттенүү жана укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүү боюнча сектору.

## II. Бишкек шаарынын турак жай-коммуналдык чарба маселелери боюнча биринчи вице-мэри

Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык чарба департаменти.

Бишкек шаарынын мэриясынын "Санариптик технологиялар борбору" муниципалдык ишканасы.

"Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгы.

"Бишкек аза кызматтарын көрсөтүү агенттиги" муниципалдык ишканасы.

"Бишкек жашыл чарба" муниципалдык ишканасы.

"Шаардык сейил бактар" муниципалдык ишканасы.

"Бишкексвет" муниципалдык ишканасы.

"Тазалык" муниципалдык ишканасы.

"Бишкек санитардык полигону" муниципалдык ишканасы.

"Бишкекжылуулукэнерго" коммуналдык ишканасы.

"Бишкекшаарлифт" муниципалдык ишканасы.

"Бишкек токтотмолору жана унаа туруктары" муниципалдык ишканасы.

"Бишкекжылуулуктармак" ААКсы.

Бишкек шаарынын ЖЭБи.

Чүй жогорку вольтуу электр тармактар ишканасы (ЧЖВЭТИ).

"Түндүкэлектр" ААКы (түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрү менен).

"Газпром Кыргызстан" ЖЧКнын "Бишкекгаз" филиалы.

Бишкек шаардык телефондук станция.

Айлана-чөйрөнү коргоонун Чүй-Бишкек аймактык башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясы.

*Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын турак жай-коммуналдык чарба бөлүмү.

## III. Бишкек шаарынын экономика жана финансы маселелери боюнча вице-мэри

Бишкек шаарынын мэриясынын Экономика жана инвестициялар департаменти.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек башкармалыгы.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Бишкек шаары боюнча ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо боюнча башкармалыгы.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Бишкек шаарынын райондору боюнча башкармалыгы.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Бишкек шаарынын ЭЭА субъекттерин контролдоо боюнча башкармалыгы.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун райондук бөлүмдөрү.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги.

Бишкек шаардык мамлекеттик статистика башкармалыгы.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Бишкек шаары жана Чүй областы боюнча бөлүмү.

*Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын экономика жана финансы бөлүмү.

## IV. Бишкек шаарынын шаар куруу, архитектура жана жер маселелери боюнча вице-мэри

Бишкек шаарынын мэриясынын Шаар куруу жана архитектура департаменти.

Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы.

*Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Жер пайдалануу жана курулуш башкармалыгы.

*"Бишкекасфальтсервис" муниципалдык ишканасы.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин "Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемеси.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине караштуу Бишкек шаарынын архитектуралык-курулуш көзөмөлү боюнча шаардык башкармалыгы.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек филиалы.

*Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын шаар куруу, архитектура жана жер маселелери боюнча бөлүмү.

## V. Бишкек шаарынын социалдык маселелер боюнча вице-мэри

Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык саламаттык сактоо башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Дене тарбия жана спорт башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмү.

Бишкек шаарынын мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору.

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин ишке орношууга жардам көрсөтүү боюнча Бишкек шаардык башкармалыгы.

Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча Бишкек шаардык инспекциясы.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Бишкек аймактык башкармалыгы.

"Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн, укук коргоо органдарынын ардагерлеринин жана Бишкек шаарынын ооруктагы эмгекчилеринин кеңеши" коомдук бирикмеси.

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын Бишкек филиалы.

*Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын социалдык бөлүмү.

## VI. Бишкек шаарынын транспорт маселелери боюнча вице-мэри

Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык транспорт башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы.

*Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгы.

*"Бишкекасфальтсервис" муниципалдык ишканасы.

"Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы" муниципалдык ишканасы.

Бишкек шаарынын мэриясынын Бишкек троллейбус башкармалыгы.

"Бишкек жарнама" муниципалдык ишканасы.

"Бишкек наабайкана" муниципалдык ишканасы.

"Жол сыноо лабораториясы" муниципалдык ишканасы.

*Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Бишкек шаары боюнча башкармалыгы.

Бишкек шаарынын мэриясынын мобилизациялык резервдеги материалдарды сактоо кызматы.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча башкы башкармалыгынын Бишкек шаардык ички иштер башкы башкармалыгы боюнча милициянын кайгуул кызматы башкармалыгы.

"Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча башкы башкармалыгынын Адистештирилген монтаждоо-эксплуатациялык башкармалыгы" мамлекеттик ишканасы.

*Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын транспорт бөлүмү.

## VII. Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси

*Бишкек шаардык соту.

*Бишкек шаарынын прокуратурасы.

*Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин Бишкек шаары боюнча башкы башкармалыгы.

*Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгы.

*Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгы.

*Административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары.

Муниципалдык аймактык башкармалыктар.

*Райондук аскер комиссариаттары.

Бишкек шаардык мамлекеттик архив.

Бишкек шаарынын мэриясынын Колл-борбору.

Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппараты.

Эскертүү: (*) белгиси бир эле учурда мэр, вице-мэрлер же аппарат жетекчиси тарабынан жетектелген бөлүмдөрдү билдирет.

**Аппарат жетекчиси** **М.Исаков**